| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 42-5 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинде
Протокол № 4
«24» 12 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору
__________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/1229
«30» 12 2025-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун БАТКЕН ОБЛУСУНУН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНДАГЫ ФИЛИАЛЫНЫН ЖОБОСУ

**Бишкек, 2025**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы №** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы** |
|---|---|---|
| **1.** | | №5 протоколу 31.01.2018-ж. |
| **2.** | "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык терминдер өзгөртүлдү<br>Пункт 9. кошулду<br>16 жана 23 пункттары алынды<br>8; 10: 14; 17 жана 19 пункттарына И Раззаков атындагы КМТУнун Уставындагы өзгөртүүлөргө байланышкан кошумчалар киргизилди. | №9 протоколу 29.05.2024-ж. |
| **3.** | Жогорку жана орто кесиптик билим берүү жаатындагы укуктук-ченемдик актдарды бекитүү жөнүндө КР Министрлер Кабинетинин 10.06.2025-ж. №329 токтомуна ылайык оңдоолор киргизилди.<br>Жобонун тексти 3 бөлүмгө бөлүндү.<br>13-пунк алынды. | № 4 протоколу 24.12.2025-ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы (мындан ары — КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы) университеттин жогорку кесиптик билим берүү уюму жайгашкан жерден тышкары жайгашкан жана анын бардык функцияларын, анын ичинде өкүлчүлүктүн функцияларын аткарган обочолонгон бөлүмү болуп саналат..

1.2. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте түзүлөт жана жоюлат.

1.3. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалын түзүүгө жана билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө окуу-материалдык базанын, илимий-методикалык кадрлар менен камсыздоонун, методикалык, маалыматтык жана каржылык ресурстардын, ошондой эле тиешелүү социалдык-тиричилик шарттардын болушу шарт.

1.4. **Филиалдын толук аталышы:** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы. **КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын жайгашкан жери:** Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кызыл-Кыя шаары, Дехкан көч, 1.

1.5. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы юридикалык жак болуп саналбайт жана Кыргыз Республикасынын жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүчү уюм жөнүндө жобого жана орто кесиптик билим берүүчү уюм жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген, университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилген КМТУнун Уставына жана ушул жобого ылайык өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.

1.6. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы Кыргыз Республикасынын юстиция жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында же анын аймактык органдарында эсептик каттоодон өтөт.

1.7. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын ишин башкаруу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына, университеттин ички локалдык актыларына, КМТУнун Уставына жана ушул жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

## 2. Филиалдын функциялары жана ыйгарым укуктары

2.1. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы билим берүү ишмердүүлүгүнө лицензия болгондо же КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйругунун негизинде жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын толук же жарым-жартылай көлөмдө ишке ашырууга укуктуу. Сырттан окуу, күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формалары жана дистанциялык билим берүү технологияларын колдонуу күндүзгү окуу формадагы тиешелүү билим берүү программасы болгондо гана жол берилет.

2.2. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын түзүмүндө кафедралар, илимий-изилдөө лабораториялары, орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрү жана башка түзүмдүк бөлүктөр болушу мүмкүн. Филиал өзүнчө түзүмдүк бөлүм түзбөстөн, тиешелүү билим берүү программасынын жетекчисин дайындоо аркылуу билим берүү программаларын ишке ашырууну уюштура алат.

2.3. Билим берүү программалары толук же жарым-жартылай көлөмдө ишке ашырылган КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалында бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы өткөрүлөт, ошондой эле филиал өз алдынча же университеттин курамында көз карандысыз аккредитация өтөт.

2.4. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалында окуунун биринчи окуу жылына кабыл алуунун көлөмү жана түзүмү университеттин тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен аныкталат. КМТУ Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги менен макулдашуу боюнча мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен КМТУнун филиалында окуу үчүн кабыл алынуучу билим

алуучулардын санын КМТУ тарабынан жыл сайын белгиленген контрольдук сандардын чегинде аныктайт.

2.5. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы башкы университет тарабынан жеке жана (же) юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде окуу акысы төлөнүүчү шартта адистерди даярдоону ишке ашыра алат.

2.6. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалына билим алуучуларды кабыл алуу филиалдын кабыл алуу комиссиясы тарабынан кабыл алуу эрежелерине ылайык жүргүзүлөт. Билим берүү программалары жарым-жартылай көлөмдө ишке ашырылган учурда, талапкерлер окууну аяктоо шарттары менен милдеттүү түрдө тааныштырылат. Филиалга билим алуучуларды кабыл алуу КМТУнун ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт.

2.7. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын билим алуучулардын башкы университетке жана тескерисинче " КМТУнун жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окуган билим алуучуларды которуу, окуудан чыгаруу, кайра калыбына келтирүү жана академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө" жобого ылайык жүргүзүлөт.

2.8. Көз карандысыз аккредитациядан өткөн КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди филиалдын жана башкы университеттин аталышын жана жайгашкан жерин көрсөтүү менен берет.

2.9. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалы белгиленген мөөнөттөрдө академиялык жана каржылык ишмердүүлүк боюнча мамлекеттик жана ведомстволук статистикалык отчеттуулукту И. Раззаков атындагы КМТУга тапшырат, ал жыйынтыктоочу отчетторго киргизилет.

## 3. Филиалды башкаруу органдары

3.1. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалында шайлануучу өкүлчүлүк орган — филиалдын Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Аны түзүү тартиби, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүгү "И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Окумуштуулар кеңеши жөнүндө" жобого жана ушул жобого ылайык аныкталат.

3.2. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын ишин түздөн - түз башкарууну жогорку кесиптик билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ичинен тандалган илимий даражасы, окуу-методикалык, илимий жана уюштуруучулук иш тажрыйбасы бар 65 жаштан ашпаган КМТУнун ректорунун буйругу менен дайындалган директор ишке ашырат.

3.3. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын директору филиалдын Окумуштуулар кеңешинин төрагасы болуп саналат жана КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү болуп кирет.

Филиалдын Окумуштуулар кеңешинин курамына: окуу бөлүмүнүн жетекчиси, кесиптик бирлик комитетинин төрагасы, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, филиалдын илимий катчысы, ошондой эле өндүрүш тармагынын өкүлдөрү кирет. Окумуштуулар кеңешинин курамы КМТУнун ректорунун буйругу менен бекитилет. Кеңештин ыйгарым укук мөөнөтү — курамы бекитилген күндөн тартып эки жыл.

3.4. КМТУнун Кызыл-Кыя ш. филиалынын директору университеттин ректору тарабынан берилген ишеним каттын негизинде иш алып барат жана мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарында, жеке жана юридикалык жактар менен болгон мамилелерде филиалдын атынан өкүлчүлүк кылууга, ошондой эле филиалдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу келишимдерди жана макулдашууларды түзүүгө укуктуу.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Укук бөлүмүнүн башчысы А. Ж. Исраилов